| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br><br>**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**<br><br>**УЗУН-КЫР АЙЫЛДЫК**<br>**ОКРУГУНУН КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**КЕНЕШ УЗУН-КЫРСКОГО**<br>**АИЛЬНОГО ОКРУГА** |

Джер-Казар а.

# ТОКТОМ

2022-жылдын 17 марты, № 28/V1-28

**“Ураим-Ата” Жоопкерчилиги чектелген коомуна жер тилкесин лизенциянын мөөнөтүнө чейин убактылуу пайдаланууга берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 12-апрелиндеги “Жер казынасы жөнүндө” Мыйзамына ылайык,2009 жылдын 3-сентябрында № 557 номерлүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кайра бөлүштүрүү фондусунун жер тилкелеринин “Айыл чарба багытындагы” жер тилкелеринен “Өнөр-жай,коргоо,байланыш жана башка багыттагы” жер тилкелерине которуу жөнүндөгү” токтомунун,2017-жылдын № 1 лицензиялык макулдашуунун негизинде,Жер кодексинин 13,32чи беренелерине Ысык-Ата райондук шаар курулуш жана архитектура башкармалыгынан 2015-жылдын 4-сентябрында алган корутундусунун жана Ысык-Ата райондук кыймылсыз мүлктү жерге жайгаштыруу башкармалыгынын 2015- жылдын 1-сентябрындагы № 01-10/651 номерлүү корутундусунун негизинде,Узун-Кыр айылдык кенеши токтом кылат:

1. “Ураим-Ата” ЖЧК сына № 345чи контурдан жалпы ченеми 10,0 гектар болгон жер тилкесин казып иштетүү максатында лицензиянын мөөнөтүнө чейин,б.а. 2036-жылдын 20-июлуна чейин убактылуу пайдаланууга бөлүнүп берилсин.

2. Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу – Н.З.Казакбаевага:
   “Ураим-Ата” жоопкерчилиги чектелген коому менен 10,0 га жер тилкесин убактылуу пайдалануу үчүн мыйзам чегинде келишим түзүлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Узун-Кыр айылдык кенешинин агрардык суроолор боюнча комиссиясынын төрайымы Э.Ш.Мусинага жүктөлсүн.

Төрага К.Б.Сманов